Каралды

пед кенеш №1
________20__ж

Бекитемин

Мектеп директору
Манаева Ч.С _______ 20 жыл

# Мектептин ички көзөмөлү жөнүндө жобо

## Жалпы жобосу

Мектептин ички көзөмөлүнүн жобосу Кыргыз Респуликасынын Билим тууралуу Билим берүү ишканаларынын типтүү жобосу А .Керимбаев орто мектебинин уставына,өнүгүү программасына таянып иштелип чыккан жана мектептин ички көзөмөлүнүн мазмуну жана өтүү иретимектеп директору тарабынан бекитилет

1.2 **Мектептин ички көзөмөлү**-окутуунун абалын диагностикалоо боюнча негизги маалымат,мектептин ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктыгын аныктоочу булак. Мектептин ички көзөмөл-бул мектеп администрациясынын өзүнүн компетенциясына ылайык мектеп ичиндеги бардык иштерди байкоо,изилдөө жүргүзүүсү, көзөмөдөөсү Мектептин ички көзөмөлүн тиешелүү кызматкерлерди көзөмөлдөөнү өткөрүү жолдору менен тааныштыруу аркылуу ишке ашырууга болот.

1.3 **Мектептин ички көзөмөлүнүн** жобосун бекитүү,өзгөртүү жана кошумчалоого пед.кеңешменин укугу

1.4. **Мектептин ички көзөмөлүнүн максаттары:**
- мектептин ишмердүүлүгүн арттыруу;
-мугалимдердин чыгармачылык чеберчиликтерин көтөрүү
-мектептин билим сапатын жогорулатуу

1.5 **Мектептин ички көзөмөлүнүн милдеттери:**

• билим берүү мыйзамдарынын аткарылышын көзөмөлдөө - билим берүү мыйзамдарын жана нормативдик укуктук актыларды коюу же бузууларды аныктоо – бузуулардын негизин түзгөн себептерин анализдөө,алардын алдын алуу боюнча көрүлгөн иш чаралар –педагогикалык коллективдин ишмердүүлүгүңун,эффективдүүлүгүнүнжыйынтыгын анализдөө жана баалоо - педагогикалык коллективдин ишмердүүлүгүн изилдөө,окуу процессиндеги кездешкен оң жана терс сапаттарын аныктооменен бирге,мугалимдердин алдыңкы тажрыйбаларын жайылтуу менен терс сапаттарын жоюу –мектептин ички буйруктарынын аткарылышын жыйынтыктарын анализдөө – көзөмөлдөө мезгилинде мугалимдерге усулдук жардам көрсөтүү

1.6 Мектеп директорунун көсөтмөсү менен ОТИ боюнча директордун орун басарлары жана башка администрация мүчөлөрү мугалимдердин ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктарын төмөнкү суроолор боюнча көзөмөлгө алат

КР билим берүү жаатындагы буйруктардын аткарылышын
Билим беруу боюнча мамлекеттик саясатынын ишке ашырылышын Окуу процессин усулдук камсыздоо

Бекитилген окуу программаларын жана окуу планын ишке ашыруу,бекитилген окуу графигинин сакталышы

Мектептин Уставын ,мектептин ички тартибин жаналокалдык актылардын аткарылышын Көчүрүү экзамендеринин өтүү тартибин жана жетишүүнү көзөмөлдөө
- Мугалимдердин жана окуучулардын ден соолугун сактоо жана чыңдоо боюнча тамактануусун медициналык тейлөө иштерин уюштуруу жана башка мектеп администрациясынын компетенциясындагы суроолор

1.7 **Мугалимдин ишмердүүлүгүн баалоодо төмөнкүлөр иштер эске алынат:**

• мамлекеттик программалардын толугу менен ишке ашырылышы (программаны өтүү,практикалык,лабораториялык,текшерүү иштери,экскурсиялар)

–окуучулардын окуу көндүмдөрүнүн денгээли –окуучулардын илимий көндүмдөрү,интеллектуалдык жөндөмдөрү

–окуучулардын окуу процессине дифференциалдык мамилеси

–мугалим менен окуучунун биргелешкен ишмердүүлүгү

- жагымдуу эмоционалдык маанай

–окуу материалын туура тандоо

–педагогикалык жагдайды аналидөөгө жөндөмө,рефлексиясы өз алдынча педагогикалык ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгынын көзөмөлдөөсү

–өзүнүн ишмердүүлүгүн коррекциялай билүүсү иш тажрыйбасын жалпылай билүүсү

–өзүнүнүн түзгөн планынын ишке ашырылышы

**1.8 Методдору ишердүүлүгүн көзөмөлдөө усулдары**

• Анкета жүргүзүү-
–Тестирлөө
–Социалдык сурамжылоо
–Мониторинг жүргүзүү,
-Байкоо жүргүзүү
-Иш кагаздарын таанып билүү -
=Сабактардын анализи,өзүнүн сабагынын анализи
–Окуучулардын ишмердүүлүгү боюнча аңгемелешүү
–Окуучулардын окуу процессиндеги жыйынтыгы

1.9 **Окутуунун ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктарын көзөмөлдөө**

-Байкоо сурамжылоо
-Оозеки сурамжылоо
-Жазуу жүзүндө сурамжылоо
-Билим денгээлин текшерүү иштери
- Ар тараптуу текшерүү
–Аңгемелешүү, анкета алуу,тестирлөө
-Иш какгаздарын текшерүү

1.10 **Мектептин ички көзөмөлү бекитилген план же графикке карата өткөрүлөт**

Бул болсо бир иштин кайрадан кайталанышына жол бербейт.Мектептеги пландаштырылган ички көзөмөл бир эле иштин кайталанышын болтурбаган бекитилген планга же графикке ылайык жүргүзүлөт

-